DOI: 10.33942/sititpr202284 **УДК.: 811.51**

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН АДАБИЙ ОКУУ САБАГЫНДА ИНТЕРАКТИВДҮҮ МЕТОДДОРДУ КОЛДОНУУ

**Адылбек к Г[1], Кыдыралиева Ч[2].**

*(1) Ж.Баласагын атындагы КУУнун "Мектепке чейинки, мектеп педагогикасы жана билим берүү технологиялары" кафедрасынын профессору, п.и.д.,* burmanazarbekova@gmail.ru

*(2) Ж.Баласагын атындагы КУУнун "Мектепке чейинки, мектеп педагогикасы жана билим берүү технологиялары" кафедрасынын магистранты,* burma.nazarbekova@bk.ru

***Аннотация:*** *Илимий макалада башталгыч класстын окуучуларына адабий окууну окутуунун интерактивдүү методдорун колдонуу каралды.*

*Бүгүнкү күндө интерактивдүү окутуу технологияларын колдонуу башталгыч класстарда окуучулардын таанып-билүү иш-аракеттерин активдештирүүгө өбөлгө түзөт. Окуучуларды окутуунун ийгилиги туруктуу окуу мотивациясынын жана таанып-билүү активдүүлүгүнүн болушунан түздөн-түз көз каранды. Мотивация изилденип жаткан материалдын ийгиликтүү болушуна өбөлгө түзөт. Окутуунун оң натыйжасы баланын инсандыгын өнүктүрүүгө өбөлгө түзгөн интерактивдүү технологиялардын натыйжалуулугу көрсөтүлдү.*

*Интерактивдүү сабак демейки салттуу сабактан айырмаланып, окуучулардын өз ара жана мугалим менен дайыма пикир алышууда болуусу жана биргелешкен, демилгелүү иш-аракеттери, жыйынтыгында ireттүү, белгилүү бир тыянак-корутундуларга келүүсү берилди.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *педагогикалык процесс, окутуудагы интерактивдүүлүк, башталгыч мектеп окуучулары, методика, объект, субъект.*

# ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ИНТЕРАКТИВНЫХ МЕТОДОВ ЛИТЕРАТУРНОГО ЧТЕНИЯ В НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЕ

**Адылбек к Г.[1], Кыдыралиева Ч[2].**

*(1) Профессор кафедры "Дошкольная, школьная педагогика и образовательные технологии" КНУ им. Ж.Баласагына к.п.н.,* burmanazarbekova@gmail.ru

*(2) Магистрант кафедры "Дошкольная, школьная педагогика и образовательные технологии" КНУ им. Ж.Баласагына,* burma.nazarbekova@bk.ru

***Аннотация:*** *В научной статье рассматривается применение интерактивных методов обучения литературному чтению у учеников начальной школы.*

*Сегодня применение интерактивных технологий обучения способствует активизации познавательной деятельности обучающихся на урокач начальной школе. Успешность обучения младших школьников напрямую зависит от наличия устойчивой учебной мотивации и познавательной активности. Мотивация способствует более успешному усвоению узучаемого материала. Положительный результат обучения способствует об эффективности применяемых интерактивных технологий, способствующих развитию личности обучающихся.*

*Интерактивный урок отличается от традиционного урока тем, что учащиеся постоянно общаются между собой и с учителем. Предпринимают совместные инициативные действия,в результате пришли к организованным, определенным выводам.*

***Ключевые слова:*** *педагогический процесс, интерактивность в обучении, младшие школьники, методика, объект,субъект.*

# USING INTERAKTIVE METHODS OF LITERARY READING IN PRIMARY SCHOOL

**Adylbek kyzy G[1], Kydyralieva Ch[2].**
*[(1)] Professor Dept. «Preschool, school pedagogy and educational technologies» KNU named after J. Balasagyn, burmanazarbekova@gmail.ru*
*[(2)] master's student Dept. «Preschool, school pedagogy and educational technologies» KNU named after J. Balasagyn, burma.nazarbekova@bk.ru*

***Annotation:*** *The scientific article discusses the use of interaktive methods of teaching literary reading to elementary schoolhildrens.*

*Today, the use of interaktive learning technologies contributes to the activation of cognitive activity of learner in primary school lessons. The success of teaching younger schoolchildren directly depends on the availability of stable educational motivation and cognitive activity. Motivation contributes to a more successful assimilation of the studied material. A positive learning outcome indicates the effektiveness of the interaktive technologies used to promote the development of the child's personality.*

*An interaktive lesson differs from a traditional lesson in that schoolchildrens constantly communikation with each other and with the teacher and take joint initiative actijns, as f result of which come to orderly, definite conclusions.*

***Key words:*** *the pedagogikal process, of interaktivity in learning, elementary schoolchildrens,methodology, objekt, subjeckt.*

Башталгыч класстын окуучулары адабий окууну окуп-үйрөнүүсү балдардын адептик жана эстетикалык сапаттарын өнүктүрөт. Ал өнүгүүдө С.С.Сакиева, Ураимов К.М.: «Адабий окуу сабагынын башкы милдети - бул адабий маалыматтарды топтоо, окурмандык кабыл алуусундагы адабий билимин таанып-билүүсүн, чыгармачылык фантазиясын, эмоционалдык жана адептик-руханий чөйрөсүн өркүндөтүү болуп эсептелинет» -деген пикирлерин билдиришкен [8].

Азыркы балдар китепке тартылбайт, окууну жактырышпайт, көркөм адабият менен байланышты жашоонун зарылдыгы катары кабыл алышпайт. Ошондуктан адабий окуу сабагында окутуунун интерактивдүү формаларын жана ыкмаларын колдонуу керек. Анткени алар сабакта ишти жеткиликтүү, кызыктуу формада уюштурууга мүмкүндүк берет, окуу материалын жакшы өздөштүрүүгө өбөлгө түзөт. Жаңы материалды өз алдынча билүүгө кызыгууну жаратат, коммуникативдик, инсандык, социалдык, интеллектуалдык компетенттүүлүктү калыптандырат. Билим берүүдөгү көптөгөн методикалык инновациялардын негизи интерактивдүү иш-чаралар болуп саналат. Интерактивдүү иш-аракет-бул баарлашууга сугарылган окутуу.

Бүгүнкү калыптанып калган көз караштан алганда, окутуудагы нтерактивдүүлүк - бул сабак процессинде окуучулардын өз ара жана мугалим менен дайыма пикир алышууда болуусу, биргелешкен, демилгелүү иш-аракеттери, жыйынтыгында ирettүү, белгилүү бир тыянак-корутундуларга келиши [3].

Интерактивдүү окутуунун айырмалоочу өзгөчөлүгү - бул окуучунун таанып-билүү процессине катышуудан баш тартуусу мүмкүн болбогон окуу процессин

уюштуруу. Эгерде мугалим башталгыч класстардын сабактарында интерактивдүү окутуу технологияларын колдонсо, анда окуучулар маалыматты өз алдынча табууга жана иштеп чыгууга үйрөнүшөт. Бул алардын андан аркы окуусуна оң таасирин тийгизет. Интерактивдүү технологияларды колдонуу балдардын маалыматты жакшыраак кабыл алуусуна жана алардын универсалдуу окуу иш – аракеттерин үйрөнүү жөндөмүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт .

Башталгыч класстардын мугалимдери өз ишин уюштуруу үчүн билим жана жөндөмдүүлүктөрүнүн негиздерин түзүү керек. Өз ишин пландаштыруу, аны контролдоо жана баалоо, окутуунун жүрүшүндө мугалим менен окуучунун өз ара аракеттенүүсү. Бул талап интерактивдүү окутуу моделин колдонуу менен гана мүмкүн болот.

Окуу мекемесиндеги окуу процесси жана аны жакшыртуунун натыйжалуу жолдору түздөн-түз окучуулардын мотивациясынан көз каранды, анткени мотивдер материалды үйрөнүү жана өздөштүрүү процессинин кыймылдаткыч күчтөрү болуп саналат. Билим алуу мотивациясы – бул инсандын билим алуунун өзүнчө предметине да, бүткүл билим берүү процессине да болгон мамилесин өзгөртүүнүн бир топ татаал жана бүдөмүк процесси. Ошол эле учурда окууга болгон мотивация инсандын өзгөчөлүктөрүнөн жана индивиддин социалдык ролдорунан көз каранды [12].

Азыркы убактарда окутуунун активдүүлүгүн жогорулатуу үчүн көбүнчө ар кандай видеоматериалдарды, слайддарды, оюндарды, жомокторду, инсценировкаларды, окутуунун жаңы ыкмаларын колдонуп жатышат. Дидактикалык материалдар кептик иш- аракетти уюштурууга, окутууну жана тарбиялоону натыйжалуу жүргүзүүгө жардам берет. Жогоруда айтылгандардын негизинде, адабий окутууда төмөнкү сабак өтүүдөгү типтерди жана ыкма-методдорду пайдаланууну сунуш кылабыз. Адегенде сабактын структурасын түзүп алуу керек.

1. Окуучуларды сабакка уюштуруу (1 мин)
2. Мээ чабуулу (1 мин)
3. Сабактын максатын, милдетин билдирүү (1 мин)
4. Жаңы теманы түшүндүрүү (12 мин)
5. Сабакты жыйынтыктоо (3 мин)
6. Үй тапшырма (1 мин)
7. Баалоо. Баа коюу. (1 мин)

**Баалоо критерийлери:**

1. Окуучунун алган билимдерин пайдаланып, маселе иштей алуусу.
2. Окуучунун так, туура жана тез жооп берүүсү.
3. Окуучунун топто өз ара кызматташтыгы жана активдүү иштөөсү.

Метод - педагогикалык категория катары өтүлө турган материалды кандай ыкма

менен натыйжалуу берүүнүн жолдорун көрсөтөт. XX кылымдын 60-жылдары окутуу методдорун бир системага келтирип классификациялаган окумуштуу Е.Я. Галант болгон, кийинчирээк дидактар М.Н.Скаткин, И.Я.Лернер, М.А.Даниловдор бул маселеге кайрылышкан. Ал эми академик Ю.К.Бабанский түзгөн окутуунун методдорунун классификациясындагы:

1. Айтып берүү методдору (аңгеме, түшүндүрүү, лекция, аңгемелешүү, окуу китеби менен иштөө ж.б.);

2. Көрсөтмөлүүлүк (таблица, схема, сүрөттөрдү иллюстрациялоо, диафильм, кино демонстрациялоо, музейге, өндүрүшкө, жаратылышка экскурсия ж.б.);

3. Практикалык (көнүгүү, көнүктүрүү, үй жана аудиторияда өз алдынча иштөөнү уюштуруу, эксперимент, эмгек жана коомдук иштерге тартуу ж.б.)

Окутуунун интерактивдүү жаңы методдорун көбүрөөк пайдалануу (мээ чабуулу, БББК, карусель ж.б.)

**А) «Сөздөр окуясы»**

«Сөздөр окуясы» (сөздөрдү колдонуп окуя жазуу) - бул кызыктуу көнүгүү жазуу иши аркылуу окуучуларды окууга шыктандырат.

Аткаруу тартиби

1. Тексттен 7ден 10го чейинки негизги сөздөр же сөз айкалыштары (айтымдар) тандалат; окуучуларга тааныш жана тааныш эмес сөздөрдү тандоо керек болот;
2. Оозеки айтылган сөздөрдү окуучулар өз баракчаларына туура жазганга аракет кылышат;
3. Окуучулар бул сөздөрдү колдонуу менен эң аз дегенде жети сүйлөмдөн турган кыскача окуяны жазышат;
4. Окуучулар башка окуучулар менен өз окуяларын бөлүшүшөт, андан кийин мугалим бир нече окуучудан өз окуясын бардык класска үн чыгарып окуп берүүнү суранат;
5. Мугалим тексттин түп нускасын окуйт да, окуучулардын кимиси түп нускага окшоштура окуяны жазганы аныкталат.

***Б) «БББ таблицасы»*** БББ таблицасы үч тик катардан турат. Ал тандалган тексттин окуу компоненттерин «Окуганга чейин - Окуу учурунда - Окугандан кийин» баскычтары боюнча аныктаганга мүмкүнчүлүк берет.

Б - билем

Б - билгим келет

Б - билдим

Аткаруу тартиби:

1.Доска үч тик катарга бөлүнөт же окуучулар кагазда иштешет.

2.Тик катарларга үч «Б» жазылат.

3.Теманын аталышы гана айтылат.

1. Окуучулар окуганга чейин биринчи «Б» деген тик катарды толтурушат, алар бул тема боюнча билгендеринин баарын көрсөтүшөт. Муну алар өз алдынча же бүтүндөй класс менен аткарышат, мында мугалим аларды доскага жазат.

2. Андан кийин окуучулар бул тема боюнча билгиси келгендеринин баарын көрсөтүү менен, экинчи «Б» тик катарын толтурушат. Алгач муну бүтүндөй класс боюнча аткарышат, андан кийин окуучулар өз алдынча толтурушат.

3. Эгерде иш өз алдынча аткарылса, анда бир нече окуучу өз жазгандарын текстти окуганга чейин бүтүндөй класска окуп беришет.

4. Текстти окугандан кийин окуучулар үчүнчү «Б» тик катарды толтурушат, анда текстти окугандан кийин алар эмнени билгенинин баары көрсөтүлөт. Мында мурда айтылган суроолорго карата тексттеги жооптор бул тик катарда бар экендигин аныктоо үчүн экинчи «Б» (билгим келет) тик катарына өзгөчө көңүл буруу керек болот. Алгачкы бир нече мүнөттө бул көнүгүүнү бүтүндөй класс менен аткарган жакшы (үчүнчү «Б» тик катары окулган текстке жана кийинки тапшырмаларга карата кыскача баяндама катары болот).

Тиешелүү текстти тандоо.

Окуучуларга түшүнүүгө жардам берүүчү жана чоң шрифт менен терилген татаал же үзүндү тексттер тандалып алынат. Окуучулардын баары текстти (чоң форматтагы китептер, таблицалар, проекторлор ж.б.) жана иллюстрацияларды көрүүсү маанилүү.

Сабак учурунда

1-кадам. Китеп менен таанышуу. Тандалган темага карата окуучулардын болжолдуу билимдери талкууда аныкталат, тексттин түрү жана аны пайдалануунун максаты түшүндүрүлөт.

2-кадам. Окуу. Мугалим тексттин маанисине өзгөчө көңүл коюп окуйт. Окуучуларга болжолдоо үчүн тыным жасалат. Окурман жаңы же тааныш эмес сөздөргө туш келгенде, маанисин аныктоо үчүн багыттама жардам берилет.

3-кадам. Талкуу. Окуучулардын текстке карата реакциясы талкууланат. Эгерде колдонууга жарактуу болсо, шрифттин өзгөчөлүгүнө жана жасалгасына көңүл бурулат.

4-кадам. Текст менен иштөө. Текстти окуу учурунда грамматикалык түзүлүштөргө, сөз байлыгын өркүндөтүүгө, тыбыш жана тамгаларды билүүгө, сөздөрдүн түз жана кыйыр маанилерине көңүл бурулат.

5-кадам. Кайрадан окуу. Текст кайрадан окулат, мында окуучулардын катышуусуна демилге берип кызыктыруу керек.

1. Аңгемелешүү, суроо-жооп.

2. Техникалык каражаттарды пайдалануу.
3. Тексттерди котортуу.
4. Сөздүк жаттатуу.
5. Сүрөт менен иштөө,тексттерди түздүртүү.
6. Көрсөтмө куралдарды, дидактикалдык материалдарды колдонуу.
7. Экскурсияларга чыгуу.
8. Өз оюн айтууга көнүктүрүү.
9. Темага байланыштуу кошумча материалдарды колдонуу.
10. Текстти аудирлеп угузуу ж.б.

Бул ыкмаларды колдонуп биз атайын эксперименттерди жүргүздүк, жүргүзгөн эксперименталдык окутуунун айрым жыйынтыктарына толугураак токтолсок, эксперименталдык окутуунун өзөгүн ар түрдүү ыкмаларды жана кошумча кептик материалдарды сабакта колдонуу түздү [3, 6].

Интерактивдүү сабакта демейки салттуу сабактан айырмаланып, мугалимдин кадыр баркынын сакталышы жана жогорулашы окутуу процессин кылдаттык менен башкара билишинен түздөн түз көз каранды. Андыктан өтүлчү материалдын үстүндө азыраак сүйлөп, азыраак түшүндүргөнү жөндүү. Окуучулардын көбүрөөк сүйлөөсүнө, өз ойлорун тартынбай айта билүүсүнө жетишүү зарыл. Бул алардын мугалимге болгон баш ийүүчүлүк, демилгесиздик абалынан чыгуусуна, инсандык өз алдынчалуулугунун артылышына шарт түзөт. Интерактивдүү сабак учурундагы талкууга мугалим кызуу аралашып кетпегени оң. Багыттоочу катары ал болгону талкууну керектүү нукка кылдат багыттап турушу керек. Ырас, кээде кийлигишүүгө да туура келет. Окуучуларды интерактивдүүлүктүн усулдук эрежелерин туура пайдаланып, берилген тапшырманы дайым так аткарганга көнүктүрүү зарыл.

Заманбап мектептин мугалими класста окуу процессин мүмкүн болушунча мыкты уюштуруу үчүн окуу иш-аракетинин мотивдерин классификациялоо жөнүндө маалыматка ээ болушу керек. Мындан тышкары, мугалим ар бир окуучунун мектептеги мотивациясынын деңгээлин аныктоо үчүн диагностика жүргүзүүсү керек [11].

Окутуунун оң натыйжасы баланын инсандыгын өнүкүрүүгө өбөлгө түзгөн интерактивдүү технологиялардын натыйжалуулугу көрсөтүлдү.

## АДАБИЯТАР


1. ***Бекбоев, И. Б.*** *Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. – Бишкек: Улуу тоолор басмасы, 2015. – С. 282-301.*
2. ***Ибраимова, К.*** *4-класста Адабий окуу предметин окутууга карата мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. Бишкек-2014*
3. ***Оторбаев Б.К.*** *Адабиятты окутуунун жаңы технологиялары. - Б.: Турар, 2009.*
4. ***Оторбаев Б.К.*** *Мектепте адабиятты интерактивдүү окутуу. - Б.: Айат, 2011. 95 бет.*
5. ***Рысбаев С.К.*** *Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы. Бишкек. - 2006.-353.*
6. ***Рысбаев С.К.*** *ж.б. Адабий окууга үйрөтүүнүн формалары, методдору жана окуп-үйрөнүүдөн күтүлүүчү натыйжалар. 2-4-класс үчүн,- Бишкек, 2017.*
7. ***Сакиева С.С.*** *Башталгыч мекгепте адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикальтк негиздери. Бишкек.: 2010.*
8. ***Сакиева С.С., Ураимов К.М.,*** *Осмоналиева С.Ч., Маматумаров А.Т. “Адабий окуу” предметинин концепциясы –ЖАМУнун жарчысы -2012 №1(26) 1-бөлүм.: Жалал-Абад-2012).*
9. ***Токтомаметов А.Д.,Субанова Б.*** *Адабий окуу 2-4-класс үчүн – Бишкек, 2009.*
10. ***Чыманов Ж.А.*** *Кыргыз тили: Окутуу методдору. - Б.: 2007. 73 б.*
11. ***Рыспаева Ч. К.*** *Связь психолого-педагогического сопровождения и информационных технологий в диагностике учебной мотивации/ Ч.К.Рыспаева // Наука и инновационные технологии. – 2018.- №4/ (9). - С.213-217*
12. ***Рыспаева Ч. К.*** *Учебная мотивация студентов как психолого- педагогическая проблема// Наука и инновационные технологии. №2/2020 (15)- Бишкек,2020,-С.165-173*


Рецензент: к.п.н. Рыспаева Ч.К.
11.05.2022г.